● Улуттук банкта

Коллекциялык монеталар – коллекция гана эмес, инвестиция да болуп саналат

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, “Кыргыз Туусу”

Дүйнө жүзүндө коллекциялык монеталарга кызыгуу жыл санап өсүүдө. Аларды мурдагыдай нумизмат (монета топтоочулар) кесипкөй коллекционерлер гана эмес, инвестиция катарында баалаган башка жарандар да сатып ала башташты. Анткени, сейрек монеталардан улам жолдуу нумизматтар бүтүндөй байлыкка ээ болушу да мүмкүн. Мисалы, АКШнын борбордук банкы төлөм каражаты катарында 1794-жылы чыгарган күмүш монетанын баасы 8 миллион долларга жетти жана учурда дүйнөдөгү эң кымбат монета болуп калды.

Коллекциялык монеталар дээрлик бардык өлкөлөрдө чыгарылып келет. Биздин өлкөдө да башкы банктын аракети менен бул салтка айлана баштады.

Канча монета чыгарылды?

Биздин өлкөдө коллекциялык монеталарды чыгаруу менен Улуттук банк алектенет. Азырга чейин жалпысынан 57 монета – 4 алтын, 41 күмүш, 10 жез-никель жана 2 мельхиор монета чыгарылган. Алтын монеталардын номиналы – 100 сом жана 200 сом, күмүштөрүнүкү – 10 сом, жез-никелдериники – 1 сом, мельхиор монеталардыкы – 5 сом.

Коллекциялык алтын, күмүш монеталарды чыгаруу 1995-жылы өлкөдөгү эл аралык чоң окуя – “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоого арналып башталган.

Монеталар кайдан, кантип жасалат?

Улуттук банктын бир коллекциялык монетасын чыгарууга бир жылдан төрт жылга чейин убакыт кетет. Идея, концепция түзүлөт, аны башкы банктын накталай акча башкармалыгынын эксперттик бөлүмүнүн адистери иштеп чыгышат. Андан кийин монетаны иштеп чыгуу боюнча иш планы түзүлөт.

Мында адистер Улуттук илимдер академиясы, Борбордук архив, ЖОЖдор жана башка мекемелер менен кызматташат. Андан кийин техникалык тапшырма даярдалып, дизайнер сүрөтчүлөр эскиздерди иштеп чыгышат. Алар атайын жумушчу комиссия тарабынан каралат жана ар кайсы сүрөтчүлөр, башкармалыктын кызматкерлери, комиссия мүчөлөрү тарабынан сунушталган ар кандай элементтер менен толукталат. Улуттук банктын адистери колдонулуучу материалдар жана монеталарды даярдоо технологиясы боюнча сунуштарды иштеп чыгышат. Мындай процедуралардан улам алгач сунушталган эскиздер кийин таанылгыс болуп өзгөрүп кетиши да мүмкүн. Монеталардын эскиздери даяр болгондон кийин алар Улуттук банктын Башкармалыгы тарабынан бекитилет, ал учурда да ар кандай сын-пикирлер жана сунуштар айтылып, эскиздер кайра иштеп чыгууга кайтарылган учурлар кездешет.

Мына ушундан кийин эл аралык тендер өткөрүлүү менен монеталарды чыгаруучу ишкана аныкталат. Биздин монеталар Казакстандын, Словакиянын, Литванын, Санкт-Петербургдун, Польшанын монеталык короолорунда жана Улуу Британиянын Побджой Минт ишканасында жасалганын эске алсак, анда тендерлерге кандай мамлекеттердин күчтүү ишканалары катышканы түшүнүктүү болот.

Эмне үчүн өзүбүз монета чыгарбайбыз?

Өзүбүздө монеталык короо түзүү жана монета чыгаруу максатка ылайыктуу эмес. Анткени, Улуттук банктын адистери тарабынан жүргүзүлгөн экономикалык эсептөөлөр Кыргызстандын өзүнүн монеталык короосун, ошондой эле кагаз акча чыгаруучу фабриканы түзүү чыгашалуу болмоктугун көрсөткөн. Мында курулушка жана адистештирилген станокторго баштапкы капиталдык салымдардан улам гана эмес, кийинки дайыма болуп туруучу эксплуатациялык чыгымдардын жана акчаларды чыгаруу үчүн кымбат баалуу атайын материалдарды сатып алуу үчүн финансылоонун зарылдыгынан да улам ушундай болмок. Мындай өндүрүштүн рентабелдүүлүгү өлкө калкынын санынын 20 миллиондон кем эмес болгондугунда гана жетишиле тургандыгы адистер тарабынан эсептелип чыккан. Ошого карабастан бул суроо УБ тарабынан ар дайым каралып, жаңы шарттар жана мүмкүнчүлүктөр эске алынып турат.

Монеталар эмне үчүн керек?

Сөз башында бир убакта коллекциялык монеталар тар чөйрөдө – нумизматтар арасында гана жүгүртүлсө, кийин ал инвестициялык да каражат болуп калганын айттык. Бул өзгөчө акыркы мезгилдеги дүйнөлүк валюталардын да волатилдүүлүгү (курстарынын кескин өөдө-төмөндүгү) учурунда актуалдуу болуп калды. Улуттук банк мындай процессти алдын-ала билгендей, коллекциялык монеталарды чыгарыптыр. Азыр алардын баалары алгачкы баасынан алда канча өскөнү адис эместерге да айкын болуп турат.

Акыркы мезгилде нумизматтар арасында эң көп кызыгуу жараткан серия улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына арналган монеталар болууда. Бул өңүттө “Жамийла”, “Саманчынын жолу”, “Ак кеме”, “Жаныбарым Гүлсары” жана “Биринчи мугалим” повесттеринин мазмуну боюнча 925-үлгүдөгү күмүштөн 6 монета чыгарылган.

Ошондуктан, акча каражаттарын инфляция убагында сактап калууну гана эмес, көбөйтүүнү да ойлогондор үчүн бул баалуу кагаздарга жана банктарга салуу менен катар эле инвестициялык кошумча аспап да болуп калды.

Алар өлкө территориясында расмий төлөм каражаты да болуп эсептелет. Бирок, аны мындай өңүттө пайдаланган адамды табуу кыйын болсо керек.

Анткени, Улуттук банк аларды сатып бүтөрү менен монеталардын баалары кескин жогорулай баштайт. Андан кийинки бааны, албетте, рынок аныктайт. Бирок рыноктогу баа жыл өткөн сайын кандай боло тургандыгын макаланын башында айтылган АКШнын Борбордук банкы 1794-жылы чыгарган жана азыр баасы 8 миллион долларга жетип, дүйнөдөгү эң кымбат монета болуп калган күмүш монетанын мисалы эң сонун көрсөтүп турат.

Монеталар кандай санда чыгарылат?

Коллекциялык монеталардын нускасы алардын коллекционерлер арасында популярлуугу менен аныкталат. Бүткүл дүйнөдө жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө арналган тематикадагы монеталар көп суроо-талапка ээ экендиги аныкталган. Монеталар канчалык аз нускада чыгарылса, алардын наркы да ошончолук жогору боло тургандыгы да түшүнүктүү. Мисалы, “Саймалуу-Таш” күмүш монеталарынын нускасы 2000 даана, ар биринин сатылуу наркы – 2500 сомдон, а “Жейрен” күмүш монеталарынын нускасы – 3000 даана, сатылуу наркы – 2300 сомдон.

Дароо айта кетсек, монеталардын наркы алардын өздүк наркы менен дээрлик дал келет, анткени Улуттук банк аларды чыгарууда пайда алууну көздөбөйт.

Монеталар байге да алып келишет

Улуттук банктын коллекциялык монеталары эл аралык конкурстарга ийгиликтүү катышып жатышат. Мисалы, улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына арналган монеталардын сериясы 2010-жылы Санкт-Петербург шаарында өткөн эстелик монеталардын эл аралык төртүнчү конкурсунда “Библио-Глобус” соода үйүнүн ардак дипломун алышса, “Улуу Жибек Жолу” сериясындагы коллекциялык монета 2013-жылы Берлин шаарында “Krause Publications” басмасы тарабынан өткөрүлгөн “Жылдын монетасы” конкурсунда жеңүүчү болгон. Ал эми 2014-жылы “Кыргызстандын тарыхый эстеликтери жана архитектурасы” сериясынан “Саймалуу-Таш” коллекциялык монетасы “Монеталар даражасы – 2014” эл аралык сынагында үчүнчү орунга татыктуу болгон.

Улуттук банктын коллекциялык монеталарынын арасынан дизайны боюнча эң кызыктууларынын бири “Дүйнө балдарыбыздын көзү менен” монетасы. Ал боюнча конкурс жарыяланганда 300дөн ашуун сүрөт түшкөн. Арасынан Асеин кызы Айымдын сүрөтү тандалып алынып, ал коллекциялык монетаны түзүүдө негизги сюжет болуп калды.

Дагы кандай монеталар бар?

Чыгарылган монеталар нумизматтар арасында кеңири белгилүү болсо да, окурмандар үчүн алардын айрымдарын атай кетүү ашыкча болбос. 2012-жылы “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясынан төрт түрдөгү монеталар, “Улуттук музыкалык аспаптар” сериясынан “Комуз” монетасы, “Тарыхый окуялар” сериясынан “Курманжан даткага 200 жыл” алтын жана күмүш монеталары чыгарылды.

2013-жылы өлкөнүн көз карандысыздык күнүнө карата Улуттук банк “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери” сериясынан “Саймалуу Таш” күмүш жана жез-никель монеталарын, “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясынан “Жейрен” күмүш монетасын чыгарды.

Өткөн жылы өлкөнүн башкы банкы нумизматтарды кубантып коллекциялык монеталардын беш түрүн чыгарган. “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери” сериясынан “Манастын күмбөзү” күмүш жана жез-никель монеталарын, “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясынан “Үкү” күмүш монетасын, “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Барсбек – кыргыздардын каганы” күмүш жана жез-никель монеталарын чыгарды.

Быйылкы жылы “Тарыхый окуялар” сериясынан “Улуу Жеңишке 70 жыл”; “Кыргызстандын Кызыл китеби» сериясынан “Тоодак”; “Улуттук спорт жана элдик оюндар” сериясынан “Кыз куумай; “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Тамга” жана “ЕАЭС” (Евразия экономикалык союзу) күмүш коллекциялык монеталары чыгарылган.

Нумизматтар үчүн дагы бир жаңылык. Улуттук банк бүгүнтөн баштап “Ак илбирс” алтын коллекциялык монетасын жүгүртүүгө чыгарууда. “Ак илбирс” монетасы Кыргызстандын Кызыл китебине кирген жаныбарлар дүйнөсүнүн сейрек кездешүүчү түрлөрүн сактап калууга жана алардын санын көбөйтүүгө үндөп, бул орчундуу маселеге олуттуу көңүл буруу максатында чыгарылууда.

Монетанын алдыңкы бетинин негизги сюжетине карегине асыл таш (бриллиант) чөгөрүлгөн ак илбирстин элеси түшүрүлгөн. Үстүңкү бөлүгүндө монетанын кыргызча “Ак илбирс” жана латынча “Uncia uncia” деген аталышы берилген. Төмөн жагында металлдын сапаты жана монетанын 200 сомдук номиналы чагылдырылган. Монетанын салмагы 15,55 грамм жана сатылуу баасы 64 950 сом.

Өлкөнү таанытууда монеталардын ролу да чоң

Негизи дүйнө жүзүндө нумизматтар арасында коллекциялык монеталарды чогултууда аны чыгарган мамлекеттин ролу анчалык мааниге ээ эмес. Мында монетанын жасалгасынын кооздугу, анын сапаттуулугу жана эл аралык таанымалдуулугу чоң жана чечүүчү ролду ойнойт. Ошондуктан, жогоруда айтылгандай, Улуттук банк тарабынан коллекциялык монеталардын тематикасына, жасалгаланышына, жасалуу сапатына жана эл аралык нумизматикалык конкурстарга катышуу менен эл аралык таанылууга ээ болуусуна көп маани берилүүдө. Бул багытта атайын аракеттер жасалууда.

Муну менен өлкөнүн башкы банкы Кыргызстандын эл аралык таанылуусуна да чоң салым кошууда.

Сүрөттөрдө: коллекциялык монеталар